*DOI:10.26104/NNTIK.2023.15.69.047*

*Мурзакметов Т.Т.*

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН МЕТАФИЗИКАСЫ

*Мурзакметов Т.Т.*

# МЕТАФИЗИКА ЮСУФА БАЛАСАГУНИ

*T. Myrzakmetov*

# METAPHYSICS OF YUSUF BALASAGUNI

*УДК: 372.8:1(575.2) (043.3)*

*Орто кылымдагы Карахан мамлекетинин Баласагын шаарынын Күз-Ордо деген жеринде төрөлгөн Жусуп «Куттуу билим» деп аталган чыгармасы аркылуу акын, ойчул катары дүйнөгө белгилүү болгон. Жусуп Баласагындын философиялык көз карашында аалам, дүйнө жана анын бар болуп турушу объективдүү реалдуулук. Ал ааламдын, космостун чексиздигин, асман телолорунун көптүгүн, өз ара карым-катнашын, бирибири менен шартталып тургандыгын, себеп-натыйжалык байланышын тааныйт. Акындын метафизикасынын негизги маселеси диалектикалык биримдик жана карама каршылык. Бул аркылуу кубулуштар жана буюм-нерселер жашайт, кыймылдап жана өнүгүүдө болот. «Куттуу билим» дастанындагы башкы каармандардын образы аркылуу адилеттик, акыл, билим, канает категорияларын философиялык талдоого алат.*

***Негизги сөздөр:*** *ойчул, философия, метафизика, дүйнө, диалектика, өнүгүү, адилеттүүлүк, билим.*

*Средневековый поэт, мыслитель Караханидского государства, автор сочинения «Кутадгу билиг» Юсуф родился в местности Куз-Ордо вблизи города Баласагын. Согласно философским воззрениям Юсуфа Баласагуни вселенная, мир и его существование есть объективная реальность. Он признает бесконечность мироздания, космоса, множество небесных тел и их взаимосвязь и взаимообусловленность, причинно-следственная связь. Главной проблемой метафизики поэта является диалектическое единство и противоречие, благодаря чему существуют и развиваются предметы, процессы и явления. Через главных персонажей поэмы «Благодатное знание» автор анализирует категории справедливость, разум, знание, довольство.*

***Ключевые слова:*** *мыслитель, философия, метафизика, мир, диалектика, развитие, справедливость, знание.*

*The medieval poet, thinker of the Karakhanid state, the author of the work «Kutadgu bilig» Yusuf was born in the area of Kuz-Ordo near the town of Balasagyn. According to the philosophical views of Yusuf Balasaguni, the universe, the world and its existence are an objective reality. He recognizes the infinity of the universe, the cosmos, the multitude of celestial bodies and their interconnection and interdependence causality. The main problem of the poet's metaphysics is dialectical unity and contradiction, through this phenomena objects can live, move and develop. Through the main characters of the poem «Kutadgy bilig» the author analyzes the categories of justice, reason, knowledge, contentment.*

***Key words:*** *thinker, philosophy, metaphysics, world, dialectics, development, justice? knowledge.*

Күн чыгыш философиясынын белгилүү өкүлү, Батыш-Чыгышка белгилүү болгон өзгөчө азем сөздөрдү тандап философиялык трактатын жазып мураска калтырган Жусуп Баласагын Карахандар доорунун ойчулу. Анын дүйнөгө келип, балалык доорун өткөргөн туулган жери Баласагын шаары. Социалдык-экономикалык, сайсий-маданий жактан өнүккөн Баласагында ошол учурдагы илим-билими да жогорку деңгээлге көтөрүлгөн. Бул Күн чыгыш философиясынын өзгөчө «Жусуп философиясынын» пайда болушунун бешиги катары таанылган шаар. Ошондуктан заманбап муундун алдында турган маселе – Баласагын шаарынын тарыхтагы, маданияттагы ордун дагы тереңирээк изилдеп, Улуу Жибек жолундагы эң башкы борбор, б.а., кыргыздын нукура сөзүндө «тогуз жолдун тоому» болуп келгенин кеңири жайылтуу аркылуу тарыхыбызды дагы кененирээк таанытууга мүмкүндук болот деген ойдобуз.

Жусуп Баласагындын «Куттуу билим» дастаны тууралуу акыркы мезгилде абдан көп изилдөөлөр жарык көрүүдө. Тилдик, тарыхый философиялык ж.б. изилдөөлөр ар тараптуу талдоолорду жүргүзүүдө. Биздин бул макалада Жусуп бабабыздын дастанындагы философиялык ойлорун талдоого алууну максат кылгандыктан дүйнө деген эмне?, анын бар болуп турушунун себеби эмнеде?, адам менен дүйнөнүн карым-катнашы кандай? деген сыяктуу суроолорго карата ой жүгүртүүлөрүнүн маани-маңызына токтолууну туура көрдүк. Дүйнөнүн сүрөтүн тартууда Жусуп Баласагын, ааламды чексиздик катары карайт жана ал кыймылда, өнүгүп-өсүүдө турган реалдуулук катары карайт. Дүйнө – бул реалдуу барлык, бар болуп турган предмет-кубулуштар; космос; асман-жердин болушу, жер жана анда жашаган адам баласы. Анын бул сапаттарын алалы: «Бир аз уктап, ойгонуп баш көтөрсө, Кыйшайыптыр Марс жылдыз карап көрсө. Караса Үркөр ооп кеткен экен, Чыгышта Чаян тууп өткөн экен» [1, 371-б.]. Дүйнө – кыймылда, өзгөрүүдө, өнүгүү абалындагы болмуштун көрүнүшү. Кыймыл болгон үчүн адам болмушу, табият болмушу, адам коомунун өзү реалдуулук катары көрүнөт. Акын мында кыймылга өзгөчө маани берет. Анткени караңгы-жарык, өйдө-ылдый, жогору-төмөн, төрөлүү-өлүм – кыймылдын жана өнүгүүнүн белгиси. Ушундай дилемманын болушу жаңылануурга, өнүгүүгө алып келет. «Чыгышта Чаян тууп өткөн экен» деген тезисте жаңынын пайда болуусу, мурункунун кийинкиге алмашышы, жаңынын эскиге кетиши, андан кийин дагы жаңынын жаралышы тууралуу диалектикалык көз карашы чагылдырылып жатат.

Акындын көз карашында тиги жана бул деп аталган эки дүйнө бар. Тиги, түбөлүктүү дүйнө исламдык дүйнөтаанымга ылайыкталдаып, реалдуулук катары кабылданат. Анын бул саптарын алалы: «Адам пейли калыс, түз, таза болсо, Эки дүйнө жыргалда жашайт ошо» [1, 135-б.]. Бул – адам жашап жаткан, ишмердигин, акылын, билимин багыттаган дүйнө. («бул дүйнө – аялдама, адам – кербенчи», ал бул жашоого убактылуу гана токтойт» [1, 144-б.].

Орто кылымдагы Чыгыш Ренессансынын өкүлдөрү сыяктуу исламдык дүйнөкарашта туруп, Жусуп дүйнөнүн экилтигин, ал азыр бар болуп, адам жашап турган реалдуулук жана бул өмүрдөн өткөндөн кийин экинчи дүйнөгө кетет; ал дүйнөдөгү орду бул дүйнөдөгү жашаган жашоосунун мазмун-формасына, жакшылык-жамандык иштерди жасагандыгына, адилеттүү-адилетсиз болгондугуна жараша болот. Бул дүйнө адамга өзүндөгү болгон бардык талантты, акыл-эсти, билимди жумшоону талап кылат жана болгон баалуулуктун бардыгын өзүнө, жакындарына, коомго арнаганга толук мүмкүндүк берет. Дүйнө жакшылык менен жамандыктын, сонундук менен көрксүздүктүн, адилеттик менен адилетсиздиктин, сулуулук менен түрү сууктуктун, бакыт менен бактысыздыктын, милдет менен укуктун карым-катнашынын реалдуулугу. Анын диалектикалык көз карашында бар-жок, толук-жарым, келет-кетет, толот-бүтөт, өмүр-өлүм деген дилемма кеңири орун алган. Жашоонун оң-солу жакшы-жаманы бар. Ак иш, абийир, акыл-эс – акылдуу адамдардын сапаты. Бар-жоктун, келет-кететтин диалектикасын Айтолдунун, Өткүрмуштун жашоосу, өмүрү жана бул дүйнөдөн кетиши менен сүрөттөдү. Адам жашоосундагы толуктук, бүтүндүк да өзгөчө философиялык мааниде интерпретацияланат. Толук-жарым дилеммасы Акдилмиштин образында ачылды, анын толуктугу – атасынын өмүр сүрүп турган убагы, Акдилмиштин акылга ээ болушу, өкүмдарга кызмат кылган мезгили деп айта алабыз. Ошол эле учурда анын өмүр сүрүү мейкини менен мезгилинде кайгылуу, өкүнүчтүү учурлары болду – ал толуктун кемиген, азайган учурлары – атасынын дүйнөдөн өтүшү, атасынын бир тууганы Өткүрмуштүн элден алыс жашап, анын жашоо менен кош айтышы сыяктуу болмуш чындыгы. Бул аркылуу жакшы-жамандын карым-катнашын, биринин артынан экинчи бир жакшылык же жамандык келээрин, алардын диалектикалык байланышын көрсөттү.

Демек, дүйнө – бул космос, аалам, бар болуп турган реалдуулук, андагы жашаган жан-жаныбарлар, коом, адамдын өзү, ал жараткан баалуу жана зарыл болгон буюм мейкини. Дүйнө – кыймылдап, өзгөрүп, анын натыйжасында өнүгүп турган объективдүүлүк. Кыймыл аркылуу табият жашайт, өнүгөт, өзгөрөт, ал гана эмес кыймылдын шарапаты менен коом өнүгөт жана ал кайра жок болот; адам болмушунун реалдуулугу анын Менин көрсөтөт, мезгил менен мейкиндиктеги ордун аныктайт, коомго, өзүнө зарыл болгон материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратат, колдонот. Бул дүйнөнүн ар түрдүү формада жана мазмунда көрүнүшү, маңызынын жана жашап туруусунун кубулушу. Башка ойчулдар сыяктуу Жусуп дагы жеке дүйнөкараштык позицияда ой толгоду, чечмеледи, ырастаганга аракет жасады. Натыйжада, адам дүйнөдөгү активдүү, жаратуучу болмуштун формасы экендигин айкындады. Белгилүү философ Ж.Бокошов мындайча жазат: «... ошол эле учурда Жусуп Баласагын тек гана бир адилет падышаны даңктап-даңазалап жазып жатпагандыгын, ал бийлик, башкаруу маселелери менен чектелбегендигин, Кут билим» – бу метафизикалык трактат экенин, анда бир бүтүн, туташ дүйнөнүн туруму (модели) берилгенин, ошондой бир ойдогудай, талаптагыдай, бардык жагы шайма-шай жашоо-турмуштун турпаты сыпатталганын, анда фундаментализмдин, рационализмдин, гуманизмдин, утопизмдин жышаандары бар экенин баамдап-баалап билишибиз абзел» [2, 305-б.].

Сан-сапаттык өзгөрүүлөрдүн онтологиясын жана гносеологиясын талдоодо өлчөм категориясы айырмаланат. Реалдуулуктагы буюм-нерселердин азы-көбү, чеги жөнүндө айтат. Ал мындай дейт: «Дүйнөдө ар нерсенин чеги болот, Тирүү жан бул дүйнөгө келген конок. Өткөндөй күн, ай, жылдар – өмүр өтөт, Өткөн күндөр өмүргө эсеп коёт» [1, 130-б.]. Сан – бул эсеп жүргүзүүнүн бирдиги; ал аркылуу чектелгендикти же чексиздикти, узактыкты же кыскалыкты, жогоруну же төмөндү аныктайбыз. Адам өмүрү санак аркылуу ченелет. Ал убакыт ченеми күн, ай, жыл менен белгиленип, өмүрдүн узактыгын, алдыда өлүм менен алмашаарын эскертет. «Кечээ-бүгүн-эртең» диалектикасынын маани-маңызы ачылат жана «өткөн», «учур», «азыр», «мында», «эртен», «келечек» убакыттын философиялык далили экендигин тастыктайт.

Убакыт, мейкиндик категорияларына карата мезгилдин бир ордунда турбастан тынымсыз, кечээ-бүгүн-эртең ар дайым болуп тураарын, өтмөлүгүн, убакыттын кечээкиден бүгүнгө, бүгүндөн эртеңкиге, ал келечекке карай алга жылып тураарын, аны менен катар бардык нерсе өзгөрөрүн эскертет. Мейкиндик жана мезгилдин агымында «ченем», «өлчөм» да өзүнүн маани-маңызына ээ. Ал: «баарынын өз ченеми орду болот, орду менен бүткөн иш болбойт төгүн» – деп эскертет. Мындан улам төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот: бар болгон, реалдуу нерсенин жайгашкан жана жашаган жери орду бар, анын болуп турушун мезгил, убакыт аныктайт. Белгилүү ченге, ченемге, өлчөмгө, калыпка ээ болгон реалдуулукту айырмалаган белгиси – айрым бир мейкиндикте, убакытта болуп, өзүнө тиешелүү гана орун-жайды ээлик кылып, жашап турушу.

Бул айтылгандарды Жусуптун көз карашынын

проекциясында карап көрөлү. Өкүмдар Күнтууду элик – бул мамлекеттин башкарган, элди бийликтин алдына чогултуп, башкаруу вазипасын аткарган бийлик ээси. Анын карым-катнаш, мамиле түзүү мейкини өтө кеңири, макромасштабдуу катыштын дүйнөсүн жараткан инсан. Ал жашаган мейкин менен мезгилдин карахандар мамлекетинин доору жана түрк элдерин башкарууга жетишкен өкүмдар. Ал акылдын, адилеттиктин, даанышмандыктын чагылышы катары башка кол алдындагыларга адилеттикти, адеп-ахлакты, ыйманды, боорукердикти тартуулаган адамдын образы. Бул аркылуу Жусуп идеалдуу коомдун адилеттүү башкаруучусунун философиялык сүрөтүн тартат. Чыгармасын Карахандар мамлекетинин башчысына тартуу кылуусу да символикалуу: ал идеал туткан мамлекет башкаруучусунун кейпин (маани-маңызын), башкаруу формуласындагы эң өзөктүү маанилүү жактарын чагылдырып, анын ушундай идеалда, образда болуусун эскертти, ошондой белгилерди өзүнө алуусуна чакырды, башкаруучу куттуу, дөөлөттүү болсо ал башкарган мамлекет гүлдөп-өнүгөт, жыргалчылык жана жакшылык орнойт. Өкүмдар аркылуу бийликтин кубатын, күчтүүлүгүн, бардык сфераны камтыган башкаруунун ар жактуулугун, кудуретин жана универсалдуугун сүрөттөдү.

Өкүмдардын бийлиги убакыт жана мезгил менен ченелерин, ал башкаруу мезгили өтүп бийликтен таярын же андан ажыраарын эскертүүсү – бул убакыттын алга карай тынымсыз жүрөөрүн бийлик ээси да башкалар сыяктуу заң-мыйзамдарга баш ийерин айтты. Башкаруучунун образында Жусуп бардык нерсе кыймылда, өзгөрүүдө болоорун бар жокко, өмүр өлүмгө алмашаарын, бакыт, дөөлөт түбөлүк турбастыгын дагы бир жолу эскертет. Айрыкча адам бактысы аз гана убакытка созулаарын, дөөлөт бир жерде токтоп турбастан учурдан кетерин айтат. Демек, бардык нерсе кыймылдап өзгөрүүдө: бар жок менен, өмүр өлүм менен алмашат; бактылуу, дөөлөттүү учурлардын өтүшү – бул кыймылдын тынымсыз болуп тургандыгы. Мезгилдин өтүшү аркылуу өмүр өтөт, адам болмушу анын тескерисине, бакыт бактысыздыкка, дөөлөт кээде мээнеттүү азаптуу күндөргө жол бошотоорун көрсөтөт. Анткени акын «бирин тутсаң, алыстап бири качат, Бирге кармоо экөөнү куру азап» [1, 399-б.] - дейт. Акын диалектикалык байланышты, карама каршылыктын өз ара карым-катнашын, бири экинчисин алмаштыраарын, экөөнүн күрөшү тынымсыз болоорун, ал күрөш жакшылык, бакыт, дөөлөт үчүн багытталганын тааныйт. Бул аркылуу акын болмуштагы ырааттуулукту, циклдүүлүктүү, себеп-натыйжалык байланышты, зарылдык менен кокустуктун карым-катнашын берет. Буга да кошумча акын: «Бул дүйнө – селки сымал куп жасанган: Көрөр замат жүрөктүн тынчын алган» [1, 281-б.] - деп дүйнөнүн философиялык сүрөттөлүшүн берет. Анын кабылдоосунда дүйнө көп түрдүү, көп маанилүү, көп катмардуу. Акын түркүн түскө боёп, «жасантып» дүйнөнү тартат; анын «Бир азгырып таштап кетет, ойнойт да – жүзүн буруп кыйгап кетчү» жагын сүрөттөө аркылуу, реалдуулуктун кыймылда, өзгөрүүдө болуусунун мыйзам-ченемдүүлүгүн тастыктайт.

Айтолдунун өмүрдөн өтүп, баласы Акдилмиштин анын ордун басышы аркылуу Жусуп адам болмушунун улантуучулугун, ыраатуулукту, себеп-натыйжалык байланышты, адамзат жашоосунун учугу уланып жүрө бере тургандыгын далилдегендиги. Киши жашоосу улам жаңы баскычка сапаттык жактан жаңыланууга бара тургандыгын Акдилмиштен көрдүк. Анткени ал атасынын жолун улап, өкүмдарга кызматка келди, бирок ал атасынан караганда алда канча билимдүү, акылдуу болуп чыкты. Бийлик ээсине өтө акылмандык, даанышмандык менен кызмат өтөдү; акыл аркылуу адам бардык жакшылыктарга ээ боло тургандыгын айтып, сан-сапаттык катышты, себеп-натыйжалык байланышты билдирди.

Акдилмишти акылдын көрүнүшү, чагылышы катары болушу акындын рационалисттик көз карашын билдирди. Акыл адамдын адамдыгын, Менин көрсөтө турганын, ал аркылуу бийлик, байлык адамга кызмат кылаары, тынчтыкты камсыздоору, мамлекетте идеалдык башкарууну орнотуу мүмкүндүгү, адилеттүүлүк менен социалдык теңдикти камсыз кылса болоору ачыкталды. Акыл адамдагы баалуулук, жакшылык жана сонундук; адамдар ортосундагы карым-катнашты өнүктүрүп, бийликтин эркин элге, элдин ой тилегин өкүмдарга жеткирүүнүн жол-жобосу. Анын мейкини жана мезгили да кеңири маштабдуу, акыл аркылуу дүйнө чындыгын жетсе болору даңазаланды.

Жусуп болмуштун формасы катары адамдын аң сезими, көз карашы, бийликтин адилеттиги, акылдын тунуктугу, өкүмдардын адилеттигин тааныйт. Акдилмиштин интеллектуалдык жактан жогорку сапаттарды алып жүргөн инсан катары болушу, Өткүрмүштүн каниет менен жашаган турмушу болмуштун бир формасы. Булар болмуштун руханий жактан берилиши деп айтууга болот. Адамдын өзү да бул реалдуулуктагы бар нерселердин бири катары каралат. Жусуп адамды акыл-эстүү, билимди, илимди өздөштүргөн жан катары билет. Анын табият менен коомдогу орду чоң экендигин, жакшылык менен жамандык, сонундук менен көрксүздук, адилеттик менен адилетсиздик, бакыт менен бактысыздык, каниет менен мээнет баары адамдан.

Ал эми Өткүрмүштүн образы аркылуу адам мейкини менен мезгили башка ченде проекцияланды. Ал динди тутунган, кудай жолундагы, элден алыс жашаган, барга каниет кылган, жокко кейибеген мейкиндик. Бул аркылуу Жусуп кишинин микродүйнөсү ал үчүн гана экендигин, аны өзү тандай тургандыгын эскертти. Бул дүйнөдөн өтүшү – бар менен жоктун,

өмүр менен өлүмдүн диалектикасы. Ал жалгаз жашаса да өзүнөн кийин шакиртин калтырат. Бул адам жашоосундагы ырааттуулукту, биринчини экинчи улантаарын, ошентип жашоо тынымсыз жүрүп отурарын тааныйт.

Ж.Баласагындын дүйнөтаанымындагы аксиологиялык маселе өзгөчө талдоого арзыйт. Анткени ал чыгармасынын башынан аягына чейин философиялык категорияларды жакшылык жана жамандык, адилеттик, бакыт, сонундук категорияларынын чагылышында маани-маңызын ачуунун аракетинде болгон. Акын буларды ачык көрсөтпөсө да анын мазмуну өзү далилдеп турат. Белгилүү окумуштуу А. Алтмышбаев кезегинде минтип жазган: «Пытливый читатель без особого труда может заметить в произведениях прошлого следы социальных суждений, правовых и нравственных норм, эстетических идеалов и религиозных догм, отраженных в соответствии с характером и назначением того или иного произведения» [3, 44-б.].

Аксиологиялык көз карашындагы эң башкы маселе моралдык баалуулук. Баалуулуктар теориясында нравалык, эстетикалык жана диний баалуулуктар айырмаланат. Адамдардын жашоосу үчүн табигый же маданий объектилердин, нерсе-буюмдардын мааниси болот жана пайдалуулук, керектүүлүк, зарылдык жактан айырмаланат.

**Адабияттар:**

1. Баласагын Ж. Куттуу билим: Дастан / Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков. / [Текст]. - М.,1993. - 496 б.
2. Бөкөшов Ж.Б. Кыргыз философиясы / [Текст]. Ж.Б. Бөкөшөв - Б.: «Бийиктик», 2013. - 392 б.
3. Алтмышбаев, А. Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. - Ф.: «Илим», 1980. - 172 с.